КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ Н-213 «30» 04 2021

Сизд.чыг. (На) № ________ «____» ________ 20___

**А. Назарбаевге**
**Дареги: Баткен облусу,**
**Кадамжай району,**
**Орозбеков айыл өкмөтү,**
**Орозбеков айылы,**
**Анаркулов к.,**
**Тел.: 0778969053**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – БШК) Сиздин даттануунузду карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 62-беренесинин 2,3 бөлүктөрүнө ылайык, ***айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктарын аныктоодо*** *Мыйзамдын 59-1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык* ***резервге калтырылган мандаттар талапкер аялдардын ортосунда бөлүштүрүлөт. Башка талапкер аялдарга караганда көбүрөөк добуштардын санына ээ болгон талапкер аялдар шайланган болуп таанылат.***

***Резервге калтырылган мандаттар бөлүштүрүлгөндөн кийин калган мандаттар калган талапкерлер арасында бөлүштүрүлөт.*** *Добуш берүүгө катышкан тиешелүү шайлоо округунун шайлоочуларынын көбүрөөк добуштарынын санына ээ болгон талапкерлер (мандаттардын санына ылайык) шайланган болуп таанылат.*

Баяндалгандардын негизинде, Н.Ш. Ысаковага - 107 шайлоочулардын добуштары, К.К. Эргешовага - 79 шайлоочулардын добуштары берилгенге байланыштуу, Сиз көрсөткөн шайлоо округунда каралган 2 аялдар үчүн резерв ***бөлүштүрүлгөндөн кийин калган мандаттар калган талапкерлер арасында бөлүштүрүлөт.***

**БШКнын мүчөсү,**
**Шайлоочулардын жана шайлоо**
**процессинин башка субъекттеринин**
**арыздарын жана даттануулары**
**кароо боюнча**
**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**